***Исаматов Э. К.*** *- Кыргыз Республикасынын Өкмөтунө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык Академиясынын Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы жана эл аралык укук кафедрасынын улук окутуучусу*

**УДК 341.007 (575.2).**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНДА КАДРЛАРДЫ КЕСИПТИК ДАЯРДОО СИСТЕМАСЫНЫН ИШИН ЭЛ АРАЛЫК-УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарында кесиптик даярдоодо эл аралык кызматташтыктын жана эл аралык-укуктук жөнгө салуунун маанилуулугу жөнундө айтылат.*

***Аннотация:*** *В этой научной статье рассказывается о значимости регулирования международно-правового и международного сотрудничества при профессиональной подготовке в органах внутренних дел.*

***Annotation:*** *In this scientific article shows about the importance of international cooperation and international legal regulation of professional training in the Internal Affairs of the Kyrgyz Republic.*

***Негизги сөздөр:*** *Ички иштер органдар, кесиптик даярдоо, эл аралык кызматташтык, эл аралык укук.*
***Ключевые слова:*** *Органы внутренних дел, профессиональная подготовка, международное сотрудничество, международное право.*
***Keywords:*** *Internal affairs agencies, vocational training, international cooperation, international law.*

Көз карандысыздыкты алуу менен Кыргыз Республикасында коомдун турмушунун ар кандай социалдык-экономикалык жана башка маанилуу чөйрөлөрундө интеграция жана өз ара аракеттенуу принциптеринде мамлекттер жана эл аралык уюмдар менен бат өнугуу журуп жатат.

Заманбап шарттарда Кыргыз Республикасынын алдында коопсуздукту камсыз кылуу жана коомдук тартипти сактоо милдеттери турат. Пост комунисттик өлкөлөрдө демократташтыруу процесстери учун негизди тузуудө укук коргоо органдарынын ролун ашыкча баалоого мумкун эмес. Демократиялык коомдо адам укуктарын сыйлоо жана коргоо эл аралык стандарттарына негизделген ички иштер органдарынын жогорку квалификациялуу кызматкерлерин тузуу олуттуу социалдык-экономикалык

реформалардын шарттарында өлкөнүн жетекчилиги үчүн жеңил эмес милдет болуп калды.

Акыркы он жылдыкта укук коргоо органдары-нын төмөндөгү эл аралык уюмдар жана донорлор менен:

1) Бириккен Улуттар Уюмунун (ООН) жана ПРООН программалары;
2) Европада Коопсуздук жана Кызматташтык боюнча уюм (ОБСЕ) [1];
3) Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ);
4) Кыргыз Республикасында Россия Федерациясынын элчилиги;
5) Кыргыз Республикасында Кытай Эл Республикасынын Элчилиги;
6) Кыргыз Республикасында USAID Программасы жана АКШ элчилиги [2];
7) Кыргыз Республикасында ТИКА программасы жана Туркия Республикасынын Элчилиги [3];
8) Анын ичинде ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоону өнүктүрүү проблемалары боюнча [4] алкактарда кызматташты-гы жаатында өтө айкын көрүнөт.

Ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо жаатында эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүнүн пайдасына кесиптик билим берүүнүн тигил же бул моделин тандоо ички гана эмес тышкы факторлор, б.а. дүйнөлүк коомчулукта болуп жаткан процесстер менен шартталат, аларга интеграция ар бир социалдык системанын иштеп кетүүсүнүн милдеттүү шарты болуп саналат. Ушуга байланыштуу анын ичинде кесиптик билим берүү системасы, бирдиктүү дүйнөлүк маалыматтык-билим берүү мейкиндигинин жалпы дүйнөлүк стандарттарына ылайык келүүгө тийиш[5].

Биз жүргүзгөн изилдөө көргөзгөндөй Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо жаатында эл аралык кызматташтык боюнча ченемдик-укуктук базаны түзүү процессинин башаты мурунку СССР-КМШ республикаларынын санынан эл аралык регионалдык уюмдун болуусунун биринчи айларында салынган. Алсак, 1992-жылдын 24-апрелинде б.а. КМШ түзүлгөндөн төрт айдан кийин эле 11 көз карандысыз өлкөнүн ички иштер министрликтери: Азербайжан Республикасы, Армения Республикасы, Беларусия Республикасы, Грузия Республикасы, Казакстан Республикасы, Кыргызстан Республикасы, Россия Федерациясы, Тажикстан Республикасы, Туркменстан, Өзбекстан жана Украина Республикалары, Алматы шаарында кылмыштуулук менен күрөшүү чөйрөсүндө ички иштер министрликтеринин өз ара аракеттүнүүсү жөнүндө ведомстволор аралык көп тараптуу макулдашууга кол коюшкан (мындан ары - Макулдашуу). Мында Макулдашуу менен аныкталган бул кызматташтыктын формаларынын бири бо-луп ички иштер органдарынын ишинин маселелери боюнча иш тажрыйбасы, мыйзамдык жана ченемдик актылар, окуу адабияты менен алмашуу, ошондой эле кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатууда өз ара негизде көмөк көрсөтүү саналат [6].

1992-жылы КМШга кирген өлкөлөрдүн башчылары билим берүү жаатында кызматташтык жөнүндө [7]; илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жаатында кызматташтык жөнүндө жана алардын

квалификациясы тууралуу документтерди нострификациялоо жөнундө [8] макулдашууларга кол коюшкан.

Бул көп тараптуу макулдашууларда мамлекеттер жарандарды окутуу, жумушчу кадрларды жана адистерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатууда өз ара муктаждыктарды канааттандырууга өзунун ниети жөнундө билдиришкен. Аларды ишке ашыруу учун КМШ мамлекет-катышуучуларынын билим беруу министрлеринин эки конференциясы өткөрулгөн, Жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо мамлекеттик органдарынын эл аралык ассоциациясы тузулгөн (МАГАТ) [9]. Бул кесиптик кадрларды, анын ичинде ички иштер чөйрөсундө даярдоодо КМШ мамлекет-катышуучуларынын аракеттерин координациялоого өбөлгө тузду.

Каралып жаткан контекстте кылмыштуулук жана анын өзунчө коркунучтуу турлөру менен курөшуу жаатында КМШ мамлекет-катышуучуларынын бир катар кийинки эл аралык милдеттенмелеринин ченемдери олутту турдө өбөлгө тузгөнун байкабай калуу мумкун эмес. Анын ичинде Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоону укуктук жөнгө салуу пикиринен алганда эн маанилуу болгон эл аралык мамлекеттер аралык жана өкмөттөр аралык макулдашууларды айтуу керек - Экономика чөйрөсундө кылмыштуулук менен курөшууде кызматташтык жөнундө макулдашуу [10]; Интеллектуалдык мулк жаатында укук бузууларга тыюу салуу боюнча кызматташтык жөнундө Макулдашуу; Мыйзамсыз миграция менен курөшуудө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мамлекет-катышуучуларынын кызматташтыгы жөнундө Макулдашуу[11]; кылмыштуулук менен курөшуудө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мамлекет-катышуучуларынын кызматташтыгы жөнундө Макулдашуу [12]; Терроризм менен курөшуу боюнча КМШ мамлекет-катышуучуларынын кызматташтыгы жөнундө келишим [13].

Саналып өткөн мамлекеттер аралык жана өкмөттер аралык келишимдердин негизинде керунуп тургандай Кыргыз Республикасынын ИИМи маселелердин кенири чейресу боюнча эл аралык кызматташууну ишке ашырат. Ошону менен бирге даярдоо, кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу боюнча бул кызматташтыктын негизги формаларын бекемдеген биз бөлуп көрсөткөн алардын айрым укуктук ченемдери, Кыргыз Республикасынын ИИМинин кадрларды кесиптик даярдоо маселелери боюнча гана эл аралык кызматташтыгын камсыздабастан, КМШ алкагында анын ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо системасын өз ара аракеттенуунун эл аралык-укуктук базасынын белугу болуп саналат.

Ошондой эле, постсоветтик мейкиндикте ички иштер органдарынын кызматкерлеринин кадрларын даярдоо чөйрөсундө интеграциялык процес-стерди кеңейтуу милдетин чечуудө Азербайжан Республикасынын, Армения Республикасынын, Беларусия Республикасынын, Казакстан Респу-бликасынын, Тажикстан Республикасынын, Молдова Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Кыргыз Республикасынын өкмөттөрунун

башчылары кол койгон КМШ бирдиктуу (жалпы) билим беруу мейкиндигин тузуу Концепциясына (Концепция) жана КМШ бирдиктуу (жалпы) билим беруу мейкиндигин тузуу боюнча кызматташтык жөнундө Макулдашуу жана билимдерди жайылтуу жана эрезеге жеткендерге билим беруу жаатында кызматташтык жөнундө Макулдашууга маанилуу рол таандык кылынат.

Бардык бул эл аралык макулдашууларга жана концепцияга бир куну - 1997-жылдын 17-январында Москва шаарында кол коюлган. Аларда Шериктештиктин мамлекет-катышуучуларынын аймагында бирдиктуу билим беруу мейкиндигин тузуунун негизги принциптери, багыттары, шарттары жана этаптары аныкталган, анын манызы ачылган. Ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо системасынын ишин жөнгө салуунун бул эл аралык - укуктук булагында белгиленген бирдиктуу билим беруу мейкиндиги, «билим беруу чөйрөсундө мамлекеттик саясаттын принциптеринин жалпылыгы, илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо боюнча мамлекеттик билим беруу стандарттарынын, программаларынын, критерийлеринин жана талаптарынын макулдашылгандыгы, Шериктештиктин мамлекет-катышуучуларынын аймагында билим беруу мекемелеринде билим алууга жарандардын тен укуктары жана эркин ишке ашырылышы менен мунөздөлөт». Бул эл аралык Концепцияда анын максаты учун колдонулуучу негизги тушунук жөнундө жалпы ченемдин болуусу, салттуу жана негиздуу болуп саналат. Расмий тушундуруу пикиринен «КМШ бирдиктуу билим беруу мейкиндиги» терминологиясын, анын бир тектуу тушунулушун, тушундурулушун жана колдонуусун, анын ичинде улуттук мыйзамдардын тийиштуу ченемдерин конструкциялоо процессинде, анын ичинде улуттар аралык суйлөшуу процессинде которуу проблемалары менен байланыштуу ошондой эле мумкун болгон лексикалык-семантикалык так эместиктерин жана каталыктарын болтурбоону камсыздоого чакырылган. Мындай «бирдиктуу билим беруу мейкиндигин» мындай кеңейтилген тушундуруу КМШ алкагында билим беруу жаатында эл аралык кызматташтыктын мумкунчулуктөрун, анын ичинде ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо чөйрөсунде кенейтуугө багытталгандыгы шартсыз.

Азыркы кундө КМШ өлкөлөру кабыл алган жогоруда көрсөтулгөн ченемдик-укуктук актыларды ишке ашыруу учун көптөгөн уюмдар тузулгөн, алардын иши билим беруу чөйрөсундө гана эмес, жана жалпысынан гуманитардык кызматташтык чөйрөсундө да байланыштарды бекемдөөгө багытталган. Тузумдөр жана уюмдар арасынан КМШ мамлекет-катышуучуларынын билим беруу жаатында кызматаштык боюнча кенешин, билим беруу жаатында КМШ мамлекет-катышуучуларынын базалык уюмдарын, илимий-техникалык маалымат боюнча Мамлекеттер аралык координациялык кенешти, Интеллектуалдык мулкту укуктук сактоо жана коргоо маселелери боюнча Мамлекеттер аралык кенешти, Илимий - техникалык жана инновациялык чөйрөлөрдө кызматташтык боюнча Мамлекеттер аралык кенешти белгилөө керек [14].

Өз кезегинде ИИО кадрларын кесиптик даярдоо системасынын ишин эл аралык-укуктук жөнгө салууну өнуктуруугө шарт тузгөн КМШ мамлекет-катышуучуларынын бирдиктуу (жалпы) билим беруу мейкиндигин тузуу боюнча кийинки кадам болуп Беларусия Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Кыргыз Республикасынын өкмөттөрунун Билим беруу, илимий даражалар жана наамдар тууралуу документтерди өз ара таануу жана эквивалиенттуулук жөнундө эл аралык Макулдашууга кол коюусу болду [15]. Бул Макулдашуу ички иштер чөйрөсундө бирдиктуу эмгек рыногун тузуу боюнча анын тараптарынын умтуулусунда жана КМШ алкагында кесиптик билим беруу жана ведомстолук илим жаатында Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарында кадрларды кесиптик даярдоо системасынын төрт тараптуу эл аралык кызматташтагынын терендешинде олутту мааниге ээ.
Туз аракеттеги Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоодо эл аралык-укуктук жөнгө салуунун кийинки маанилуу булагын белгилебей кете албайбыз. Бул Казакстан Республикасы, Кытай Эл Республикасы, Россия Федерациясы, Тажикстан Республикасы жана Эзбекстан Республикасы жана Кыргыз Республикасы тузгөн терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен курөшуу жөнундө Шанхай конвенциясы [16]. Анын мазмунун манызына терен кирбестен, жалпысынан бул Конвенциянын 6-бер. 9-пунктуна ылайык анын Тараптарынын борбордук компетенттуу органдары кызматташтыкты ишке ашырууга жана ар кандай формаларда өзунун адистерин даярдоо, кайра даярдоо жана квалфикациясын жогорулатуу жолу менен бири-бирине көмөк көрсөтуугө милдеттуу экендигин белгилеп кетебиз.

Ошондой эле кийинки бир нече жылга Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин системасын өнуктуруу концепциясын [17] коомчулук, НПО жана мамлекеттик уюмдар арасында катуу талкууланышын өзгөчө белгилеп кетуу керек.

Алсак, бул Концепциянын 8-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын ИИМ жана анын бөлуктөрунун жакынкы жана алыскы келечекте эл аралык байланыштарын өнуктуруудө жана бекемдөөдө биринчи кезекте чет өлкөлук мамлекеттер жана Интерпол менен натыйжалуу практикалык өз ара маимлелерди камсыздоого багыттала тургандыгы жөнундө айтылат.

Башка мамлекеттердин укук коргоо органдары менен кызматташтыкты оперативдик-тергөөчу, илимий-техникалык, статистикалык маалымат, техника жана куралдануу улгулөру жана аларды өндуруу технологиялары менен алмашуу; биргелешкен жана макулдашылган иш чараларды жургузуу (оперативдик-тергөө, илимий жана илимий-техникалык иштеп чыгуулар, конференциялар, кенешмелер ж.б.), өз ара стажировкалар жана адистерди окутуу формасында ишке ашыруу болжолдонот.

Кылмыштуулук менен курешуу жана коомдук тартипти камсыздоо практикалык милдеттерин чечуу кызыкчылыктарында макулдашылган ык-маларды жана сунуштарды иштеп чыгуу максатында Кыргыз

Республикасынын ИИМи жана анын бөлуктөрун укук коргоо маселелери менен алектенген эл аралык, өкмөттөр аралык уюмдардын ишинде катышуусунун натыйжалуулугун жогорулатуу пландалууда.

Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин эсепке алуу менен Кыргыз Республикасынын ИИМи жана анын бөлуктөрунун КМШ өлкөлөрунун, ошондой эле башка мамлекеттердин окшош тузумдөру менен өз ара аракеттенуу жана кызматташтыктын ишенимдуу укуктук негиздерин тузуу.

Акыры ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо системасынын ишин эл аралык-укуктук жөнгө салуу жөнундө айтууда жогорку билим беруунун интеграция проблемасын же мындайча айтканда Болон процессине көнул бурбай калтыруу мумкун эмес.

Биринчи кезекте Болон процесси [18] - бул жогорку билим беруунун бирдиктуу европалык мейкиндигин тузуу максатында Европа өлкөлөрунун билим беруу системаларын жакындаштыруу жана гармониялаштыруу процесси экендигин белгилейбиз. Башка сөздөр менен айтканда өз алдынча эч кандай жогору жактан басым көрсөтуусуз жогорку билим беруу системасын реформалоого өз ыктыяры менен милдеттенме.

Болон процесси Университеттердин Улуу Хартиясында (Magna Charta Universitatum) тузулген фундаменталдык процесстерди колдонот[19]. Бул принциптер Болони Университетинин 900-жылдыгы боюнча 1988-жылдын 18-сентябрында чакырылган европа ректорлорунун съездинде Болон университетинде да кабыл алынгандыгы белгилуу.

Алардын манызы «окутуунун эркиндигинде (уйрөтуу жана изилдөө эркиндиги менен катар) камтылган [20]. Билдируучулердун адилет оюу боюнча университеттердин көз карандысыздыгы жана автономдуулугу, «жогорку билим беруу жана илимий изилдеелер системалары коомдун муктаждыктарына, талаптарына жана илимий билимдерди өнуктуруунун зарылдыгына узгултуксуз адаптациялана тургандыгына ишенимдуулукту берет» [21].

Баяндалгандардан Болон процесси ийкемдуу алкактарды издөөну тушундургөндугу жана жогорку билим беруунун европа системасынын эл аралык атаандаштыгын жогорулатуу проблемасын чечуугө бир маанилуу жооп бербегендигин билдирет. Анын жетектөөчу принциптерине ылайык бир жагынан жогорку билим беруунун Европалык зонасына кирген мамлекеттердин билим беруу системаларынын улуттук варианттары, башка жагынан - алардын жетиштуу турдө европалык билим беруу мейкиндигинин бутундугунун чегинде салыштырыла тургандыгы, «эсептеле тургандыгы» жана таанылa тургандыгында көрунуп турат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген окутуунун эркиндигинин принцибин ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын атайын ЖОЖдорунун профессордук-окутуучу курамына Болон декларациясы менен бекитилген академиялык баалуулуктарды эсепке алуу керек, тактап айтканда:

• жогорку билим беруу жаны мин жылдыктын адекватттуу чакырыгы болууга жана студенттер жана курсанттарда, ошондой эле бардык жарандарда биргелешкен баалуулуктар жана жалпы социалдык-маданий өнөктөштуккө тийиштуулук сезимин тарбиялоого чакырылган;
• жогорку мектепте мобилдуу жумушчу кучту даярдоого, аны ишке орноштуруунун келечегин кенейтуу жана жалпысынан өнугуусунө жоопкерчилик жатат [22].

2010-жылдын июлунда Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин коллегиясында окутуунун эки денгээлдуу системасына (бакалавр-магистр)өтүү бекитилген. Кыргыз Республикасында 2012-2020-жылдарга билим беруунун өнугуу Концепциясына ылайык, биздин өлкөнун ЖОЖдору студенттердин ийкемдуулугун жана мобилдуулугун камсыздаган, ишти жана жогорку окуу жайында окууну бирге алууга өбөлгө тузгөн окутуунун кредиттик системасына акырындык менен өтушуудө (Болон жана Лиссабон макулдашууларынын жоболоруна ылайык) [23].

Бул эксперимент учун жооп берген билим берууну башкаруу органдары Болон процессине кирууге даярдыгын мурда эле билдирген биздин республика, эмгек чөйрөсундө жаны шарттар жогорку билим беруу жаатында окутуу жана даярдоо максаттарына туздөн-туз таасир тийгизе тургандыгын эске алуусу керек. Ошондуктан студенттердин жана курсанттардын интеллектуалдык мумкунчулуктөрун өнуктургөн, аларга техникалык, экономикалык жана маданий өзгөруулөргө жана ар турдуулукке ылайыктуу мамиле жасоого өбөлгө тузгөн, демилгелуулук, ишкердик жана ылайыкталгычтык духу сыяктуу сапаттарга ээ болууга мумкундук берген, ошондой эле аларга заманбап өндуруштук чөйрөдө чон ишеним менен иштөөгө шарт тузгөн предметтерге артыкчылык беруу керек [24].

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын мындайча айтканда «Бажы биримдигине» киришинин ушул учурга актуалдуулугунан, жана каралып жаткан контекстте, бул милдетти аткаруунун баштапкы шарттарынын бири болуп заманбап дуйнөнун талаптарына жана чакырууларына жооп берген дуйнөлук класстагы ички иштер органдарынын адистерин даярдоо көрунуп турат. Бул учун ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо бирдиктуу принциптерди жана стандарттарды алууга тийиш экендиги шексиз.

Буга илимпоз С.С. Жевлаковичтин пикирин кошуубуз мумкун, ал «Иштин баштапкы звеносу болуп Министрликтин системасында тузулгөн кесиптик билим беруунун моделин революциялык сындыруу эмес, окуу жайларынын профессордук-окутуучу курамынын психологиялык-педагогикалык, кесиптик-багытталган ой жугуртуунун зарыл денгээлин тузуусу болуп калыш керек» деп айткан [25].

Кылмыштуулук менен курешуу жана кесиптик билим беруу жаатында эл аралык-укуктук жөнгө салуунун талданган булактары толук деп айтуу шарттуу. Ошону менен бирге алардын мазмунун жургузулгөн кыскача талдоо Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кадрларын

кесиптик даярдоо системасынын ишин укуктук жөнгө салууда алардын ролу жана ордуна карата бир катар жалпылоочу тыянактарды чыгарууга өбөлгө түзет.

*Биринчиден,* заманбап эл аралык укук жалпы адамдык баалуулуктарды жана артыкчылыктарды билдирген коомдук мамилелерди универсалдуу жөнгө салуучу болуп саналат. Бул адамдын цивилизациясынын жетишкендиктерин, кылмыштуулук менен күрөшүү жана анын эң маанилүү түзүмдүк бөлүктөрү - Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо жаатында көптөгөн катышуучу-өлкөлөрдүн эл аралык келишимдер жана макулдашууларынын жыйынды тажрыйбасын аккумуляциялоого өбөлгө түзөт. Жогоруда белгиленип кеткендей БУУ, ОДКБ, ОБСЕ, КМШ жана алардын атайын жана региондук бөлүктөрү сыяктуу эл аралык уюмдардын алкагында Кыргыз Республикасынын бул чөйрөдө натыйжалуу эл аралык кызматташтыгын өзгөчө белгилеп кетсе болот.

*Экинчиден,* гуманитардык кызматташтыктын бул жааттарында Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин үч деңгээлин (түрүн) айырмалашат: 1) мамлекеттер аралык; 2) өкмөттөр аралык жана 3) ведомстволор аралык мүнөздөгү. Мында Кыргыз Республикасын көрсөткөн органдардан көз карандысыз бардык бул келишимдер эл аралык укукка ылайык тең юридикалык күчкө ээ болот. Ушул изилдөөнүн күбөлүгү боюнча Кыргыз Республикасында эл аралык укуктун ченемдерин түздөн-түз тике колдонуу практикасы, анын ичинде кылмыштуулук менен күрөшүү жана ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо чөйрөсүндө өзүнүн татаал жана чоң жолунун так башында гана турат. Ошондуктан заманбап этапта ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо системасы үчүн өзгөчө маанини биздин укуктук мейкиндикте аракеттенген кылмыштуулук менен күрөшүү жана кесиптик билим берүү чөйрөлөрүндө бардык эл аралык укуктук актылар тууралуу толук маалыматтык маалымдамалар ээ болууда. Бул себептен жакынкы жылдардын ичинде ички иштер органдарында кесиптик даярдоо системасына түз же кыйыр тийген Кыргыз Республикасынын ратификацияланган эл аралык келишимдерин, макулдашууларын, конвенцияларын, декларацияларын жана башка документтерин системалаштырууну жүргүзүү зарыл.

*Үчүнчүдөн,* азыркы мезгилде кылмыштуулук менен күрөшүү жана коомго билим берүү чөйрөсүндө болуп жаткан динамикалуу эл аралык мамилелер улуттук укукка эл аралык укуктун өсүп жаткан таасирин шарттайт, анын ичинде билим берүү мамилелерин жөнгө салууда да дагы. Бир жагынан ички иштер органдарынын кадрларын кесиптик даярдоо системасын укуктук жөнгө салууну өркүндөтүүгө, экинчи жагынан милиция кадрларын даярдоо жаатында мамлекеттин ишин жана КМШ, ОБСЕ, ЮНЕСКО бирдиктүү билим берүү мейкиндигинин алкагында алардын квалификациясы тууралуу документтердин эквиваленттүүлүгүн өз ара таанууну координациялайт. Бул эл аралык уюмдардын иши мүчө-мамлекеттерде саясатты гармониялаштыруу жана жалпы ченемдерди кабыл

алууга жана, анын ичинде ички иштер органдарында кадрларды кесиптик даярдоо жаатында бирдиктуу укук кол-донуу практикасын иштеп чыгууга багытталган. Негизинен, эл аралык укуктук ченемдерге адистерди (бакалавр, адис, магистр) даярдоонун көп денгээлдуу системасын улуттук мыйзамдарга киргизуу жана кесиптик билим беруунун сапатына контролдуктун жаны формаларын (лицензиялоо жана мамлекеттик аккредитация) киргизуу менен милдеттуубуз.

*Төртунчудөн,* атайын окуу жайларында кесиптик билим беруу жаатында эл аралык кызматташтык чейресунун өнугуусунө ылайык Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги чет өлкөлук өнөктөштөр менен туздөн-туз контакттарды ишке ашыруу укугун алды. Чет өлкөлук жарандарды окутуу жана кыска мөөнөтту кесиптик даярдоо жана Кыргыз Республикасынын ИИМ атайын билим беруу мекемелеринде чет өлкөлук укук коргоо органдарынын адистерин стажировкалоо, анын дуйнөдө геосаясий кызыкчылыктары менен аныкталган Кыргыз Республикасынын тышкы саясий жана тышкы экономикалык милдеттерин ишке ашырууда маанилуу багытын көрсөтөт.

Заманбап шарттарда бул биздин мамлекетти дуйнөлук билим беруу мейкиндигине интеграциялоого өбөлгө тузгөн эл аралык кызматташтыктын натыйжалуу формаларынын бири болуп саналат.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

[1] Бишкекте 2003-жылдын 7-августунда КР өкмөту жана ОБСЕ борбору кол койгон КР ички иштер органдарына көмөк көрсөтуу боюнча өз ара тушунушуу жана ОБСЕ көп тараптуу программасын аткаруу жөнундө Меморандум. Бул долбоорду ишке ашыруу боюнча донор-өлкөлөр Улуу Британия, Нидерланды, Германия, Норвегия, АКШ Швеция, ошондой эле Европалык Комиссия болду. ОБСЕ борборунун пресс-релизинде айтылгандай: «Бул программаны ишке ашыруу конфликттердин алдын-алуу, кризистик кырдаалдарды башкаруу жана пост-конфликттик калыбына келтируу жаатында ички иштер органдарынын ишинде ОБСЕ ролун кучөтуу боюнча 2001-ж. ОБСЕ Кенешинин Министрлер жолугушуусунун чечимине ылайык журөт».

[2] 2008-жылдын 14-апрелиндеги №56 КР Мыйзамы менен ратификацияланган, 2008-жылдын 14-мартындагы «Мыйзам устөмдугун бекемдөө жана коррупцияны токтотуу программасы боюнча Кыргыз Республикасы менен Америка Кошмо Штаттары ортосунда «Мин жылдыктын чакыруусу» эсеп Чектик программасынын алкагында USAID көмөк көрсөтуу жөнундө» Макулдашуу.

[3] Туркия Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ортосунда 1993-жылдын 8-апрелинде кол коюлган «Кызматташтык жөнундө протокол».

[4] Полиция кадрларын даярдоо: жалпы европа масштабында проблемалар жана өнугуунун жолдору: Эл аралык жана илимий-практикалык

конференциянын материалдары. (16-17 май 2000-ж.). - М.: Россия ИИМ Москва академиясы «Щит-М» басм., 2000. - 157-б.; Билим беруу, юридикалык илим жана практиканын өнугуусунун проблемалары: Белар. Респ. ИИМ Акад. 45-жылдыгына арналган Эл аралык жана илимий-практикалык конференциянын материалдары, Минск, 24-25 март 2003-ж./ Юрид. илимдеринин доктору, проф. И.И.Басецкийдин жалпы ред.астында - Мп.: Белар. Респ. ИИМ Акад., 2003. - 183-б; Полиция/ милиция кадрларын даярдоонун жаны методикалары: Эл аралык семинардын материалдары (2425 январь 2006-ж.). - М.: Россия ИИМ Москва академиясы, «Щит-М» басмаканасы, 2006. - 104-б.

[5] Ф.Э.Шереги, В.Т. Харчева, В.В.Сериков, Билим беруунун социологиясы: укуктук аспект. -М., 1997. - 10-б.

[6] П. «г» 2-ст. «Кылмыштуулук менен курөшуу чөйрөсундө көз карандысыз мамлекеттердин ички иштер министрликтеринин өз ара аракеттенуусу жөнундө» 1992-ж. 24-апрелиндеги Макулдашуу // Россия ИИМ ишинин укуктук негиздери: 2 т. Ченемдик документтердин жыйнагы Т.2. - 2-чыгар., такт. жана толукт. - М.: ИНФРА-М,1996. - 647-б.

[7] «Билим беруу жаатында кызматташтык жөнундө» КМШ Макулдашуусу, Ташкент 1992-жыл 15-май

[8] «Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин алкагында илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясы тууралуу документтерди нострификациялоо жаатында кызматташтык жөнундө» КМШ Макулдашуусу, Москва 1992-жыл 13-март

[9] В.И. Шкатулла Указ. раб., - 518-б.

[10] «Экономика чөйрөсунде кылмыштар менен курөшуудө кызматташтык жөнундө» КМШ макулдашуусу, Москва, 1996-жыл 12-апрель

[11] «Мыйзамсыз миграция менен курөшуудө Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин мамлекет-катышуучуларынын кызматташтыгы жөнундө» КМШ Макулдашуусу, Москва, 1998-жыл 6-март

[12] «Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин мамлекет-катышуучуларынын кызматташтыгы жөнундө» КМШ Макулдашуусу, Москва, 1998-жыл 25-ноябрь

[13] «Терроризм менен курөшуудө КМШ мамлекет-катышуучуларынын кызматташтыгы жөнундө» КМШ Келишими, Минск, 1999-жыл 4-июнь

20-жыл учун КМШ ишинин жыйынтыктары жана келечекке милдеттер: аналитикалык доклад [Электрондук ресурс] // КМШ аткаруу комитети. - Жеткиликтуулук режими: http://www.cis.mmsk. by - Жеткиликтуулук датасы: 10.11.2011.

Беларусия Республикасынын Өкмөту, Казакстан Республикасынын Өкмөту, Россия Федерациясынын Өкмөту жана Кыргыз Республикасынын Өкмөту ортосунда «Билим беруу, илимий даражалар жана наамдар тууралуу документтерди өз ара таануу жана эквивалиенттуулук жөнундө» Макулдашуу, Москва, 1998-жыл 24-ноябрь

Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен курөшуу жөнундө Шанхай конвенциясы, Шанхай 2001-жылдын 15-июну

2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасынын туруктуу өнугуу улуттук стратегиясынын алкагында 2011-жылдан 2015-жыл мезгилине чейин Кыргыз Республиксынын ички иштер министрлигинин системасынын өнугуу Концепциясы
1999-жылдын 19-июнунда 29 европа өлкөлөрунун Билим беруу министрлери кол койгон Болон Декларациясы
Университеттердин Улуу Хартиясы 1986-жылы Болонья шаарында, Италия 80 мамлекеттин 755 университети тарабынан кол коюлган. 1988-жылы 18-сентябрда ратификацияланган
Е.И.Кайгородцева Болон процессинин алкагында конституциялык бекитилген эркиндикти ишке ашыруу // Укук жана билим беруу. 2006, № 1. - С . 209.
Http://www.teacher-edu.ru/wmc/bol/l075200130.
В.И. Бойденко Болон процесси: Европанын жогорку билим беруусун тузумдук реформалоо. -М., 2002. - С. 30.
Кыргыз Республикасында 2012-2020-жылдарга билим беруунун өнугуусунун концепциясы. С. 20.
Жогорку билим беруунун реформасы жана өнугушу: Программалык документ ЮНЕСКО. -С. 29.
[14] С.С. Жевлакович Россия ИИМ билим беруу саясаты: проблемалар жана аны чечуунун жолдору // Россия ИИМ Москва университетинин жарчысы. 2005, № 3. - С. 8.